# Карабеков Сатынбай атындагы орто мектеби



**Карабеков Сатыбай атындагы орто мектебинин**

**«Окуу керемет!» долбоору боюнча аткарылган иштеринин маалыматы**

«Окуу керемет!» долбоору бул – башталгыч мектеп окуучуларынын окуу жана математика боюнча окуп - үйрөнүү натыйжаларын жакшыртууга багытталган долбоор.

Мектептин башталгыч класстарынын мугалимдери «Окуу керемет!» долбоорунун алкагында 2021-жылдын февраль айынан бери төмөндөгү мугалимдер окутуу практикасын жакшыртуу максатында окууга катышып келе жатышат. Ар бир модулдун онлайн вебинарларына, семинарларына катышып арадагы тесттер жана жыйынтыктоочу тесттерди тапшырып жатышат.

1.Тойгонбаева Назгул

2. Исабаева Жамила

3. Саргазакова Нуржан

4. Бектур кызы Жазайым

5. Дүйшөева Айсулуу



«Окуу керемет!» долбоорунун негизинде мугалимдер модулдагы стратегияларын колдонуу менен окуучуларга кызыктуу сабактарды өтүп жатышат.


















ЖЫЛ МЕЗГИЛДЕРИ
Сыйкырдуу кыш
Жазгы көктөм
Жадыраган жай
Алтын күз

## 3-модуль: Башталгыч мектепте балдар китепбин пайдалануу

Бул окуу модулунда балдар адабияты жана балдарга арналган окуу китептерди пайдалануу менен окуучулардын окуп түшүнүүсү өнүгөт.Мугалимдер балдар китептерин окуу процессинде киргизе ала турган стратегиялар каралган.

«Адабий ийримдер» стратегиясы

«Интерективдүү окуу» стратегиясы

«Сократтын семинар» стратегиясын мугалимдер сабактарына колдонушту.





## 4-5- модуль: Башталгыч мектептеги чыгармачыл жана күн сайын жазуу

Баштагыч мектепте окутуунун негизги милдеттеринин бири окуучулардын өзүнүн оюн оозеки жана жазуу түрүндө ырааттуу билдирүү билгичтигин жана көндүмүн калыптандыруу болуп саналат.Мугалимдер ар бир предметтерди окуп - үйрөнүүдө чыгармачыл жазууну жана модулдагы «RACE», «Окуган чыгармага пикир жазуу», «РАФТ» стратегияларын пайдалануу менен сабак өтүп жатышат.





**Долбоордун негизинде башталгыч класстар усулдук бирикмесинде тажрыйба алмашуу максатында тегерек стол, мастер класстар өтүлүп турат.**



**«Окуу керемет!» долбоорундагы стратегияларды камтыган атайын бурч уюштурулуп турат.**





**«Окуу керемет!» долбоорунун негизинде уюштурулган математика предмети боюнча райондук деңгээлдеги тренингге мугалимдер активдүү катышууда.**






**«Окуу керемет!» долбоорунун алкагындагы «Китеп куржуну» марафону старт алып, башталгыч класстардын окуучулары марафонго активдүү катышууда**

Башталгыч класстын мугалими Саргазакова Нуржан китеп салынган куржунду биринчилерден болуп, 4-классынын окуучусу Садырбекова Пакизага тапшырды.



# Областтык деңгээлдеги өтүлгөн семинардык сабак

2021-2022-окуу жылдын 17-февралында «Окуу керемет!» долбоору боюнча областтар аралык эстафеталык семинарга сабакка башталгыч класстар мугалими Бектур кызы Жазайым 4-класска адабий окуу сабагынан «Сейтек ата жолун–улантуучу» деген темада ачык сабак өттү. «Окуу керемет!» долбоорунун Кыргызстандагы өкүлдөрү жана Англиядан келген коноктор катышышты. Сабак эң жогорку деңгээлде өтүлдү.







ТИЛ БАЙЛЫГЫ - ЭЛ БАЙЛЫГЫ
САНЖЫРА
РАФТ


ТИЛ БАЙЛЫГЫ - ЭЛ БАЙЛЫГЫ
САНЖЫРА
РАФТ


ТИЛ БАЙЛЫГЫ - ЭЛ БАЙЛЫГЫ
САНЖЫРА
РАФТ


САНЖЫРА
Р А Ф Т


САНЖЫРА
Р А Ф Т